**Кыргыз Республикасынын Жогорку Соту**

**Верховный Суд Кыргызской Республики**

**Иштин маалыматтары**

| | |
|---|---|
| Иштин номери | УД-48/24-Н6 (Биринчи инстанция) - Кароодо |
| Иштин түрү | жазык иши |
| Өндүрүшкө кабыл алынган мезгил | 01.10.2024 |
| Өндүрүштүн жабылуу датасы | 28.11.2024 |
| Өндүрүш түрү | |
| Макалалар | Ст. 122 ч. 2 п. 5, Адам өлтүрүү. (Адам өлтүрүү: бейбаштык максатта; мүлкүн конфискациялоо менен же ансыз он эки жылдан он беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга же мүлкүн конфискациялоо менен же ансыз өмүр бою эркиндигинен ажыратууга жазаланат.) |
| Иштин тили | Кыргызча |
| Айыптоо тартиби | жекече-жалпы |
| Судья | Омуралиев Бакытбек (актив) |
| Прокуратура | Прокуратура г. Нарын |
| Сот | Нарынский городской суд |
| Дарек | |
| Байланыштар | |

**Иштин тараптары**

| | |
|---|---|
| Жабырлануучу (Деперсонализацияланган) | А.С.С |
| Айыпталуучу (Деперсонализацияланган) | Н.М.К |

**Кароонун натыйжасы жана сот актысы**

| | |
|---|---|
| Кароонун натыйжасы | Айыптоо өкүмү |
| Кароонун жыйынтыгынын маңызы | 348.2.1 Айыптоо өкүмү төмөнкүдөй чыгарышы мүмкүн:соттолгон адам өтөөгө тийиш жазаны дайындоо менен; |
| Жарыяланган датасы | 02.12.2024 |
| Акт түрү | Приговор |
| Актынын кабыл алынган күнү | 28.11.2024 |

Верховный суд Кыргызской Республики

**Соттук угуулар**

| Иштин номери | Отурумдун датасы | Жарыяланган датасы | Инстанция |
|---|---|---|---|
| УД-48/24-Н6 | 28.11.2024 16:00 | 25.11.2024 15:55 | Биринчи инстанция |
| УД-48/24-Н6 | 25.11.2024 14:30 | 18.11.2024 15:34 | Биринчи инстанция |
| УД-48/24-Н6 | 18.11.2024 14:00 | 29.10.2024 16:15 | Биринчи инстанция |
| УД-48/24-Н6 | 18.11.2024 14:00 | 29.10.2024 16:15 | Биринчи инстанция |
| УД-48/24-Н6 | 29.10.2024 14:00 | 22.10.2024 16:23 | Биринчи инстанция |
| УД-48/24-Н6 | 29.10.2024 14:00 | 22.10.2024 16:23 | Биринчи инстанция |
| УД-48/24-Н6 | 22.10.2024 15:00 | 15.10.2024 15:13 | Биринчи инстанция |
| УД-48/24-Н6 | 15.10.2024 10:00 | 08.10.2024 14:57 | Биринчи инстанция |
| УД-48/24-Н6 | 08.10.2024 14:00 | 02.10.2024 10:42 | Биринчи инстанция |

Верховный суд Кыргызской Республики
Верховный суд Кыргызской Республики
Верховный суд Кыргызской Республики

№УД-48/24-Н6 түп нуска

**Ө К Ү М**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АТЫНАН**

2024-жылдын 28-ноябры Нарын шаары

**дареги Нарын шаардык соту**

курамында төрагалык кылуучу - Б.Э. О.,

сот отурумунун катчысы - А.Токтомамытова,

мамлекеттик айыптоочу - Нарын шаарынын прокурору У.Ж. Т.,

жабырлануучу – С. А. С.,

жабырлануучунун адвокаты – С. Т.,

айыпталуучунун адвокаты – Э. М. катышуусунда ачык соттук отурумда,

***** Нарын шаарында туулган, Кыргыз Республикасынын жараны, улуту кыргыз, билими орто, жеке ишкер, мурда соттолбогон, үй-бүлөлүү ***** атасы, Нарын шаарынын К. Н. көчөсүнүн ***** жашоочусу, бөгөт коюу чарасы 2024-жылдын 31-августунан тартып камакта, айыптоо актысынын көчүрмөсүн өз убагында алган **М. Н. К.** Кыргыз Республикасынын КЖКнын 37-122-беренесинин 2-бөлүгүнүн 5,7-пункттарында көрсөтүлгөн кылмышты жасоодо айыптоо боюнча кылмыш ишин карап чыгып, төмөнкүнү

**Т А П Т Ы:**

Тергөө органы тарабынан Н.К. М. Кыргыз Республикасынын КЖКнын 37-122-беренесинин 2-бөлүгүнүн 5,7-пункттарында көрсөтүлгөн кылмышты жасоодо айыпталат, тактап айтканда, Н.К. М. спирт ичимдигин ичип мас абалында 2024-жылдын 31-августунда болжол менен саат 11:00дө Нарын шаарындагы *****оода борборунун экинчи кабатында орун алган ***** ашканасына барып, ал жактан өзү менен бирге алып жүргөн, өңү кара түстөгү темирден жасалган бүктөлмө дүрмөтсүз бычакты курал катары колдонуу менен өзүнүн 2013-жылдан бери расмий түрдө үй-бүлөө катарында жашап келген аялы дата-жылы туулган С. А. С. денесинин ар кайсы бөлүктөрүнө бир нече ирээт сайгылап, кара ниеттик бейбаштык максатта жана өзгөчө мыкаачылык менен өмүрүн кыюуга аракет кылган, бирок кылмыш анын эркине көз каранды болбогон себептер менен аягына чыгарылбай калган.

Соттук отурумда айыпталуучу Н.К. М. коюлган айып боюнча күнөөсүн жарым-жартылай моюнга алып, жубайы менен 1 ай 10 күндөн бери чогуу жашабай калганын, дата-жылы эртең менен гүл, торт алып барып кечирим сурайын деп барганын, орто жолдон бир тааныш бала “сенин аялың бирөө менен жүрөт, автоунаадан түшүп жатканын көрдүм” дегенин, ***** иштеген жерине барып сүйлөшөйүн десе чыкпай койгонун, “бирөө менен жүрөт” деген сөз кулагынан кетпей койгонун, сүйлөшөйүн деп эле барганын, андан кийин эмне болуп кеткени эсинде жоктугун, бул иштин баары кызганычтан улам келип чыкканын, атайын өлтүрөйүн деп барган эместигин көрсөттү.

А. Н. К. М. күнөөсүн жарым-жартылай мойнуна алып берген көрсөтмөсүнөн сырткары, анын күнөөсү сотто изилденген башка далилдер менен толук далилденет.

Ж. А. С. С., жолдошу менен 2013-жылы турмуш куруп, 2014-жылы биринчи баласын төрөгөнүн, жолдошу спирт ичимдигин көп ичип, кол көтөрө баштаганын, экинчи баласын төрөгөндө карта ойной баштаганын, спирт ичимдигин ичкенде агресивдүү болуп калганын, ага көп жолу спирт ичимдигин ичпешин, бул жашоо экөөнүкү экенин айтып келгенин, акыры ага баш ийип бергенин, болгону ичкенде ызы-чуу салбастыгын суранганын, бирок ызы-чуусу көбөйгөнүн, Ысык-Көлгө конокко барып, ал жактан бир туугандарынын көзүнчө сабап кетип калганын, көчөдөн бир нерсеге маанайы түшүп келсе үйгө келип ызы-чуу салаарын, майда-чүйдө уруштарды эч кимге деле айтчу эместигин, 30 жашка чыкканда үйлөнүшкөнүн, жакшы жашап кетели деп аракет кылганын, бир жолу дагы катуу урушуп кетип, байкесиникине кетип калганын, анда ***** барып, байкесинен кечирим сурап, болду ичпеймин, намаз окуйм, экинчи колум тийбейт деп жатып кайра жашап калышканын, кийин колу тийбегени менен жини келгенде колунда эмне болсо ошону менен чаап жиберчү экенин, кийин кызын төрөлүп бир жашка чыга электе көмүр алабыз деп чогултуп жүргөн 20000 сомду карта ойноп жоготуп келгенин, акчаны жоготуп келгенде ызааланып бир тууган эжесиникине балдарын ээрчитип алып кетип калганын, ***** кайра эле кечирим сурап келгенде макул жашайлы деп кеткенин, күз келгенде акча талап кыла баштаганын, бир жолу 10000 сом таап бербейсиң деп түңкү саат 03:00дө балдары менен эшикке чыгарып койгонун, балдарын алып кайнагасынын үйүнө барганын, эртеси эле кайра үйгө келгенин, жок дегенде 5000 сом таап бер деп кайра эле кыйнай баштаганын, 2000 сом колуна бергенин, чыгып ичип келип, кайра эле ызы-чуу салганын, анда дагы кетип калып, кайра балдарды ойлоп дата-жылы үйгө келгенин, ***** бираз оңолуп, жакшы жүргөнүн, тыбыт алып, жумушу башталганын, иштеп, акча топтоп үй алалы деп жатышканын, жалпы 100 000 сом топтогонун, бирок кайра эле топтогон акчасын арак ичип, карта ойноп жоготуп салганын, эртеден кечке иштеп, үйдү каржылааарын, ал эми ***** болсо иштеп топтогон акчасын ичип, карта ойноп жоготуп салганда аябай арданганын, Бишкек шаарына дагы барып иштеп, акча топтоп келип, ал акчаны дагы карта ойноп, ичип салганын, кийин 5000 сом таап бер деп кыйнап баштаганын, аны кайрадан карта ойноп жатканын билип дароо баласына чалып “атаң сага чалган жокбу” деп сураганын, баласына “спортивкамдын чөнтөгүндө акча бар алып келип берчи дегенинен, алып барып бергенин” айтканын, дата-жылы келип, акча таап бер деп кыйнаганда, акча жок экенин айтса, эмне кылсаң дагы табасың дегенин, акча таап бере албай койгонунда, шефине чалып “***** иштебейт, мен алып кетип атам” деп, “акча таап бере турсаң өлөсүңбү” деп автоунаага салып цех иштеткен байкесине чалып акча сурашканын, байкеси акча жок экенин айтканда жок дегенде 3000 сом тап деп кыйнаганын, баарынан сураса жок экенин айтышканын, акча таба албай койгонумда жини келип, оозго алгыз сөздөр менен сөгүп, жоголуп кетчи дегенин, үйгө кетип калганын, Бир убакытты телефонуна чалып “3000 сом таба албагандан кийин сен дагы кишисиңби, алдагы үчөөнү ал дагы мен баргыча жоголуп кет” деп айтканын, сөгүп жатканына карабай аны алдап “***** кел үйгө, тамак ичели” деп айтканын, ал болсо “көзүмө көрүнбөй жоголгула” дегенинен арданып, үч баласын алып кетип калганын, ошол менен токтолбой “сени менен жашабаймын, керегиң жок” деп жазганын, өзү ушундай чечимге келип жатса деп унчуккан

эмсетигин, үч күн күтүп, келбегендиктен бир тууган эжелери үйүңө барып оокаттарыңды алып келели дегенинен макул болуп үйгө барганын, үйгө барса ***** жана кайын энеси бар экенин, ***** “мусорлоруңду чогулт дагы жогол” деп айтканын, эжелери кайын энеси менен сүйлөшүп, түшүндүрүшкөнүн, ***** оокаттарын өзү салып бергенин, байкеси *****га “болду *****га жолобо, аны жайына кой” деп айтканда, “мен балдарга алимент төлөбөйм” деп баштаганын, жини келип карап колу менен аны жана агасын көрсөтүп “сени дагы, байкеңди дагы өлтүрүп кетем” дегендигин. Ошол окуядан кийин көп убакытка жок болуп кеткенин, балдары менен батирде жашай баштаганын, дата-жылы келип кечирим сурап, кайрадан үй-бүлөө болуп жашайлы дегенин, андай болсо Нарын шаарынан башка жакка иштеп кетели, бул жактагы чөйрөңдү оңдобосоң болбойт деп айтканын, телефон менен балдар менен сүйлөшөм деп чалып жүргөнүн, балдар менен сүйлөштүрбөй койгонун, дата-жылы саат 06:30 чамасында такси менен жумушка келе жатканда *****ды “Театр” жактан чыгып келе жатканын көргөнүн, көрүнбөйүн деп таксиге жашынганын, саат болжол менен 11:00 чамасында ***** иштеген жерине аябай жини менен келип “чык, сүйлөшөлү” дегенин, коркуп жумушу көптүгүнөн чыга албастыгын айтканын, буюртма келип, тамак салайын деп жатканда, моюнунан бирөө кысып, бетине сайып жибергенин, колунан чыгып кетүүгө аракет кылып жатканын, ал болсо сайгылап жатканын, жерге жыгылып “албайсыңарбы” деп кыйкырганын, эшиктен балдар чуркап келип ажыратып, *****ды эшикке алып чыгып кетип баратышканда агрессивдүү көз караш менен карап чыгып кеткенин, элдер тегеректеп, канап жаткан жерлерин таңышканын, сол кол жагынан кан атып жатканын, аркасы ысып эле жатканын, көрсө аркасы дагы канап жатканын көрсөттү.

К. К. К., дата-жылы үй-бүлөөсүн алып Нарын шаарына келгенин, айылдан ***** эжесине дагы азык-түлүк ала келип үйүнө жеткирип берейин деп баратса “Городок” аймагындагы мечиттин бурчунда жездеси турганын көргөнүн, үйүнө келип, балдарынан “атаңар келдиби” деп сураганда, алар келбегендигин айтышканын, азык-түлүктү калтырып базарды көздөй барганын, ун базар тарапта таксистер менен сүйлөшүп турганында, таанышы уюлдук телефон менен чалып, “Э. О.-***** үстүнөн бычактап кетти, батыраак келе калчы” дегенин, чуркап ***** ашканасына барса эл толтура чогулуп калганын, ***** эжеси болсо тамак тараткан жерде канжалап отурганын, үстүнүн баары кан, өпкө, жүрөккө сайып өлтүрүп салды го деген ой кеткенин, эжеси болсо бутуна тура албай, ал жактагылар тез жардам чакырышканын, тез жардам келип, эжесин көтөрүп чыгып, ооруканаңы көздөй алып кеткенин, негизи эжеси менен жездесинин мамилеси анчалык жакшы эмес болгонун, көп урушуп, ортодон ажырашып, кайра элдешип жүрүшчү экенин, Ысык-Көлдө көздөрүнчө дагы сабап туруп калтырып кетип калганын, анда дагы унчукпагандарын, эжесине көп эле жолу ажырашып, өзүнчө тынч жашачы деп айтып келишкенин, балдарын кыйбай кайра эле жездеси менен элдешип жашап келгендигин көрсөттү.

А. К., сиңдиси А. С. жолдошу ***** менен урушуп 2024-жылдын июль айында келгенин, 2024-жылдын 24-июлунда жолдошунун үйүнөн барып ***** үй оокаттарын алып келишкенин, ***** балдары менен батирге чыгып жашап жатканын, дата-жылы сиңдиси чалып “***** мас болуп жүрөт” деп айтканын, парадтан чыгып алып, сиңдисине бара кетейинчи деп ***** соода борборуна барса, элдер ызы-чуу болуп жатышканын, көрсө күйөө баласы сиңдисин бычактап салганын, сиңдисин тез жардам ооруканага алып кетип, ошол жакта карап жатканын, күйөө баласы көп спирт ичимдигин ичип, карта ойноп, сиңдисинен акча таап кел деп кыйнап, кол көтөрүп жүрчү экенин, буга чейин дагы бир нече жолу балдарын ээрчитип алып ыйлап келип жүргөнүн, бир аз убакыттан кийин эле жолдошу кайын журту менен келсе эле кайра кечирип эле жолдошу менен кетип калып жүргөнүн, акыркы жолу июль айында урушуп келгенде гана акыркы чечимди кабыл алчы деп айтып, сиңдисин чечим кабыл алып батирде жашап жатканын, Ыссы-Көлгө чогуу конокко барганда дагы көзгө илбей А. Н. сабап кетип калганын, анда деле кечирип, кайра чогуу жашап жатышканын, бирок ***** оңолбостон сиңдисине зомбулуктарды көрсөтүп жүрүп, акыры сиңдиси кетип калгандыгын көрсөттү.

Ж. Ш., дата-жылы келинчеги, баласы болуп ***** ашканасына тамактануу үчүн экинчи кабатына чыгып бара жатканда, эжелер “бычактап жатат” деп кыйкырып калышканын, жанындагы милиция кызматкери дароо чуркаганын, анын аркасынан чуркап барганын, бир эркек киши ошол жакта иштеген бир эжени жерге жаткырып алганын, милиция кызматкери кирип эле ал кишинин оң колун кармаганын, өзү сол колун кармап ажыратып калышканын, ал эми эженин моюнунда, колунан кандар атып жатканын, кийимдеринин баары кан болуп, тура албай отуруп калганын, кармаган киши “коё бергиле мени, мен эч жакка качпаймын” деп айтканын, кийин милиция кызматкерлери келип алып кетишкенин көрсөттү.

Г. Б., дата-жылы ***** ашканасында иштеп жатканда, ***** ашканасынын биринчи залында тарелканын катуу үнү жана бирөөнүн кыйкырган үнү чыкканын, тамак тараткан жерди барып караса ***** эжени жолдошу сайгылап жатканын, ***** эже “албайсыңарбы” деп кыйкырганын, барып арт жагынан тартып көрсө тоготкон жоктугун, ал жакта турган чай ичкен кружка менен дагы бир чапканын, анда деле тоготкон жоктугун, андан кийинкиси шок болуп, кулагы тунуп, эсинде жок экенин көрсөттү.

А. Р., дата-жылы саат 08:00 чамасында жумушка келип иштеп жатканын, майрам күнү болуп кишинин саны көп болгонун, экинчи залдан буюртма алып баратканында ***** эженин жолдошу турганын көргөнүн, ал менен учурашып эле өтүп кеткенин, бир аз убакыт өтпөй эле тамак таратуучу жайдан кыйкырык үндөр чыгып баштаганынан чуркап барса, ***** эжени жолдошу жаткырып алып, үстүндө отурганын, биринчи сабап жатат го деп ойлогонун, көрсө сайгылап жатканын, милиция кызматкери жана бир бала болуп араң ажыратып, алып калышканын, колундагы бычак милиция кызматкери колун кайрыганда колунан түшүп кеткенин көрсөттү.

З. О., дата-жылы жумушка келип, тамак тараткан жайда идиш жууп жатканын, бир маалда ***** келип *****га “чык, сүйлөшөлү” дегенин, ***** болсо чыкпагандыгын, Н. А. аркасынан келип моюнуна бычак такаганын көрүп, коркуп кетип эшикке жардам сурап чуркап чыкканын, калганын көргөн жоктугун, *****ны мууздап салды го деп ойлогонун көрсөттү.

Ж. Т., дата-жылы жумушка келип иштеп жатканын, болжол менен саат 11-30 чамасында кассада турганда ***** эженин күйөсү ***** байке келип турганын көргөнүн, буюртма алып, компьютер карап алаксып калганын, бир маалда идиш жууган эже эшикке чуркап чыгып, “жардамга, бычактап жатат” деп кыйкырганын, бычак деген сөздү укканда эле өлтүрүп салды го деп ойлогонун, элдер ызы-чуу болуп баштаганын, окуя болгон жерди карай алган жоктугун көрсөтөт.

Э. М., дата-жылы жумушта иштеп жатканда, ***** эженин күйөсү келгендигин көргөнүн, кийин эле ызы чуу болуп калганын, барса ***** эженин баардык жери кан, эс учун жоготкон абалда жатканын, тез жардам келип алып кеткенин, бети, кийимдери бүт

Верховный суд Кыргызской Республики

кан экенин, бетине сайылганын даана көргөнүн көрсөткөн.
Ж. М., дата-жылы парад бүтүп, өзүнүн жеке жумуштары менен ***** базарына барганын, ***** базарынын экинчи кабатынан “сайып жатат” деген кыйкырык үндөр угулганда, дароо экинчи кабатка чыгып, тамак таратуучу жайда бир киши бир аялды сайып жатканын көрүп, аларды ажыратып, тергөө тобун чакырып, ыкчам тергөө тобуна өткөрүп бергенин, ажыратып оң колун кайрыганда бычак оң колунда экенин, артынан кирип келген байке колуна чапканда, бычак жерге түшүп кеткенин, бычакка эч кимди тийгизбей, тергөө кызматына өткөрүп бергенин көрсөттү.
С. А., дата-жылы түшкү тамактануу үчүн ***** ашканасына Ишекеева менен бирге келгенин, тамак жаңы келгенде, кыйкырган үндөр чыканын, башында газ чыгып жатабы деп ойлогонун, бирок газдын жыты чыкпагандыктан башка бир нерсе болгон окшойт деген ой келгенин, тамак тараткан жакты баш багып караса милиция кызматкери бир кишини алып чыгып кеткенин, жабырлануучу кан болгон абалда жерде отурганын, оң жак бети, сол жак колунан кан атып жатканын, Ишекеева келип биринчи медициналык жардам көрсөткөнүн билдирди.
Т. И., дата-жылы жумушта чогуу иштеген эже болуп түшкү тамактануу үчүн барганын, тамак жаңы келгенде кухня жактан ызы-чуу болгонун, жардам керек деп чакырганда, барып жардам бергенин, жаракаттары аябай көп болгонун, колунан кан атып жатканын, канды көргөндө чоң кан тамырларды текшергенин, колунан, аркасынан кан агып жаткандыктан аларды токтотуу үчүн ошол жердеги чүпүрөктү алып, суулап колунун өйдө жагынан таңып, йод, бинт алып келгиле дегенин, ал дагы бир топ убакытта келгенин, жаракаттары бетинде, көкүрөк тушунда, аркасында бар болгонун, бычак менен сайылгандыгы көрүнүп турганын, көп кан кеткендиктен эки чоң чыны суу ичиргенин, тез жардам келгенге чейин биринчи медициналык жардам көрсөтүүгө аракет кылгандыгын көрсөттү.
Мындан сырткары, айыпталуучу Н.К. М. күнөөсү окуя болгон жерди кароо протоколу жана схемасы (1-том и.б. 15-16), фото таблицалар (1-том и.б.17-19), 2024-жылдын 31-августундагы №41001/58067 мас абалын жана башка психо-таасир этүүчү нерсени кабыл алганын медициналык күбөлөндүрүп берүү актысы (1-том и.б. 35), СМЭнин корутундусу (1-том и.б. 44-46), кароо протоколдору жана сүрөт таблицалары (1-том и.б. 49-51), буюм далилдерин ишке тиркөө токтому (1-том и.б. 52-53), кароо протоколдору жана сүрөт таблицалары (1-том и.б. 111-120), буюм далилдерин ишке тиркөө токтому (1-том и.б. 121-122), кароо протоколдору жана сүрөт таблицалары (1-том и.б. 123-127), буюм далилдерин ишке тиркөө токтому (1-том и.б. 128-129), СБЭнин корутундусу (1-том и.б. 137-141), СМКЭнин корутундусу (1-том и.б. 150-153), СХЭнин корутундусу (1-том и.б. 196-197), СМЭнин корутундусу (2-том 30-33), кароо протоколу (2-том и.б. 49-51), буюм далилдерин ишке тиркөө токтому (2-том и.б. 52-53) менен толук далилденет.
Соттук-психиатриялык экспертизанын 2024-жылдын 12-сентябрындагы №1635 сандуу корутундусунда “М. Н. К., 1982 дареги. каким-либо либо психическим заболеванием не страдает. М. Н. К. в момент совершения преступления мог отдавать отчет в своих действиях и руководить ими, т.е. его следует считать ВМЕНЯЕМЫМ в отношении инкриминируемого ему деяния. В применении принудительных мер медицинского характера не нуждается” деп көрсөтүлгөн (1-том и.б. 179-180).
Ошону менен бирге эле, айыпталуучу Н.К. М. күнөөсүн жарым-жартылай мойнуна алып, өлтүрөйүн деген максатта барган эмесмин деп берген көрсөтмөсүн, сот анын жоопкерчиликтен качуу максатын көздөгөн көрсөтмө катары баалап, сын көз менен карайт, анткени ал, күбөлөр Ж. М. менен Ж. Ш. кийлигишүүсү менен кылмыштуу аракетин аягына чыгара албай калган. Бул жагдай буюм далил деп табылып, ишке тиркелген окуя болгон жерден көчүрүп алынган “ДВД диск” менен дагы тастыкталат.
Сот, соттук териштирүүдө айыпталуучунун, күбөлөрдүн көрсөтмөлөрүн анализдеп жана иштеги материалдарды изилдеп, көрсөтүлгөн далилдерди баалап, айыпталуучу Н.К. М. күнөөсү толугу менен далилденди деп эсептейт, анткени жогоруда көрсөтүлгөн далилдер, иштин фактылай жагдайларын аныктайт жана бири-бирине каршы болбостон бири-бирин толуктап турат, демек, ал далилдерге ишенбөөгө эч кандай негиз жок.
Соттук териштирүүнүн жыйынтыгы менен сот айыптоочу өкүм чыгаруу жөнүндө чечимге келет.
Ошол эле учурда, айыпталуучу Н.К. М. кыймыл аракеттерин “бейбаштык максатта” болгон деп айыптоого негиз жок, себеби иш материалында жана соттук териштирүүнүн жүрүшүндө аныкталгандай, Н.К. М. менен А.С. С. никелери мамлекеттик каттодон өтүп, бүгүнкү күндө никелери мыйзамдуу күчүндө турат, окуя болгонго чейин үй-бүлөөлүк талаш-тартыштардан улам ортолорунда өз ара пикир келишпестиктер болуп келген, ошондой эле айыпталуучунун аракети коомдук тартипти жана жалпыга бирдей жүрүм-турум ченемдерин бузууга багытталган эмес, андыктан Н.К. М. аракетин “бейбаштык максатта адам өлтүрүүгө аракеттенүү” деп баалоого болбойт деп сот эсептейт.
Андан сырткары, Соттук-медициналык экспертизанын 2024-жылдын 24-сентябрындагы №248 сандуу корутундусуна “Телесные повреждения характеризовались множественными непроникающими колото-резанными ранами: лица, шеи, грудной клетки, живота и обеих дареги, множественными порезами, наружном кровотечением. Данные повреждения могли образоваться от действия колюще-режущего предмета и могли быть получены в срок, указанный в обстоятельствах дела. По степени тяжести относится к легкому вреду здоровью, повлекшему за собой кратковременное расстройство здоровья так как течение болезненнего процесса более 7 дней, но не менее 21го дня” деп көрсөтүлгөн (2-том и.б. 30-33).
Андыктан, айыпталуучу Н.К. М., жабырлануучу А. С. денесине бычак колдонуу менен көп сандаган жарааттарды келтирүүсүн, өзгөчө мыкаачылык менен адам өлтүрүүгө аракеттенүү деп эсептөөгө болот.
Мындай шартта, сот, соттук иликтөөдө аныкталган жагдайларды изилдеп чыгып, айыпталуучу М. Н. К. кыймыл аракеттерин Кыргыз Республикасынын КЖКнын 37-122-беренесинин 2-бөлүгүнүн 7-пункту менен квалификациялайт.
Кылмыштын квалификациялык белгилери болуп өзгөчө мыкаачылык менен адам өлтүрүүгө аракеттенүү болуп саналат.
Жаза белгилөөдө сот жасалган кылмыштын мүнөзүн жана коомдук коркунучтуулук деңгээлин, иштин жүйөлөрүн, күнөөкөрдүн жүрүш-турушун, жазаны жеңилдетүүчү жана оордотуучу жагдайларды эске алат.
Кыргыз Республикасынын КЖКнын 59-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, адамды жазалоонун максаты болуп, күнөөлүүнү түзөтүү жана кайра социалдаштыруу, жаңы кылмыштарды жасоосун алдын алуу, социалдык адилеттүүлүктү калыбына келтирүү саналат.

Сот, айыпталуучуга карата жаза белгилөөдө Кыргыз Республикасынын КЖКнын 73-беренесинин негизинде мурда соттолбогонун жоопкерчиликти жеңилдетүүчү жагдай катары, ал эми Кыргыз Республикасынын КЖКнын 74-беренесинин негизинде мас абалында кылмыш жасоосун жоопкерчиликти оордотуучу жагдай катары эске алат.
Кылмыш жасаган адамга, анын оңолушуна жана жаңы кылмыштардын алдын алуу үчүн зарыл жана жетишээрлик болгон адилет жаза дайындалууга тийиш. Мыйзамда каралган башка, кыйла жеңил жаза менен жетишүүгө мүмкүн болбогон шартта гана эркиндигинен ажыратуу жазасы белгилениши мүмкүн.
Кыргыз Республикасынын КЖКнин 19-беренесинин 2-бөлүгүнүн 4-пунктуна ылайык, Н.К. М. жасаган кылмышы өзгөчө оор кылмыштардын катарына кирет.
Иш материалындагы Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетине караштуу транспорт каражаттанын жана айдоочулук курамды каттоо боюнча мамлекеттик агенттигинин Нарын регионалдык бөлүмүнүн 2024-жылдын 09-сентябрындагы №24-4/43 сандагы билдирүүсүнө караганда АИС “Регистр ТС” базасына ылайык дата-жылы туулган Н.К. М. (ИЖН:инн) наамында катталган транспорт каражаттары жок экендигин билдирген.
Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетине караштуу Жер ресурстары, Кадастр, геодезия жана картография боюнча мамлекеттик агентигинин Нарын филиалынын 2024-жылдын 9-сентябрындагы №01-11/796 сандуу маалыматына ылайык, Нарын шаарынын, К. Н. көчөсүнүн ***** тургуну дата-жылы туулган Н.К. М. (ИЖН:инн) наамында азыркы учурда Кыргыз Республикасынын аймагында кыймылсыз мүлк катталбагандыгын көрсөткөн.
Аталган жагдайларды эске алуу менен айыпталуучу Н.К. М. карата мүлкүн конфискациялабастан жаза чектелүүгө жатат.
Кыргыз Республикасынын КЖКнын 37-122-беренеде көрсөтүлгөн сакциясында мүлкүн конфискациялоо менен же ансыз он эки жылдан он беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга же мүлкүн конфискациялоо менен же ансыз өмүр бою эркиндигинен ажыратууга жазаланат.
Ушул эле Кодекстин 75-беренесинин 3-бөлүгүнүн талабына ылайык, кылмыш жасоого аракеттенүү үчүн жазанын мөөнөтү же өлчөмү аякталган кылмыш үчүн ушул Кодекстин Өзгөчө бөлүгүнүн тиешелүү беренелеринде (беренелеринин бөлүктөрүндө) каралган жазанын катуураак түрүнүн эн жогорку мөөнөтүнүн же өлчөмүнүн төрттөн үчүнөн ашык болбоого тийиш. Мында бул жазанын эң төмөнкү мөөнөтү же өлчөмү ушул Кодексте каралган жазанын ушул түрүнүн эң төмөнүнөн аз болбоого тийиш.
Ушул эле березенин 4-бөлүгүнө ылайык, кылмышка даярдык көргөндүгү же кылмыш жасоого аракеттенүү үчүн өмүр бою эркиндигинен ажыратуу жазасы дайындалбайт.
Жогорудагылардын негизинде, Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза процессуалдык кодексинин 344-346, 348-349, 351-354, 357-358-беренелерин жетекчиликке алып, сот

**Ө К Ү М К Ы Л А Т:**

М. Н. К. Кыргыз Республикасынын КЖКнын 37-122-беренесинин 2-бөлүгүнүн 7-пунктунда көрсөтүлгөн кылмышты жасоодо күнөөлүү деп табылып, 11 (он бир) жыл 3 (үч) айга эркиндигинен ажыратылсын.
Мүлкү конфискацияланбасын.
Жаза өтөө мөөнөтү 2024-жылдын 31-августунан баштап эсептелинсин.
Жазасын жалпы тартиптеги түзөтүү абактарында өтөөсү белгиленсин.
Кыргыз Республикасынын КЖКнын 80-беренесинин 5-бөлүгүнүн негизинде өкүм мыйзамдуу күчүнө киргенге чейин алдын ала камакта отурган ар бир күнүн эки күндөн деп жаза өтөө мөөнөтүнө кошулуп эсептелинсин.
М. Н. К. бөгөт коюу чарасы өзгөртүүсүз камакта калтырылсын.
Иш боюнча буюм далил деп табылган “С. Г. А14” үлгүсүндөгү имей коддору 353235649107дата19754910776 сандуу уюлдук телефон А.С. С. өкүм мыйзамдуу күчүнө киргенден кийин кайтарылып берилсин, окуя болгон жерден алынган узундугу 3 (үч) мүнөт 28 (жыйырма сегиз) секунданы түзгөн видеоматериал (Двд диск) кылмыш иши менен бирге сакталсын, Н.К. М. таандык өңү кара түстөгү спорттук кийим, өңү боз түстөгү джинсы шым, А.С. С. таандык өңү кызыл түстөгү спорттук кийим, өңү ак түстөгү үстүнө кийген ашпозчунун кийими, өңү боз түстөгү шым, ички кийим (бюзгалтер), өңү бозс түстөгү шым, байпактар, бут кийим жана өңү кара түстөгү темирден жасалган дүрмөтсүз бычак, тамекинин коробкасы өкүм мыйзамдуу күчүнө киргенден кийин жок кылынсын.
М. Н. К. жеке тинтүүдө алынган өңү кара түстөгү уюлдук телефон өкүм мыйзамдуу күчүнө киргенден кийин М. Н. К. кайтарылып берилсин.
Өкүмгө наразы тарап, өкүм чыгарылган күндөн тартып 30 сутканын ичинде дареги сотуна апелляциялык тартипте даттанууга, сунуш келтирүүгө укуктуу.

**Төрагалык кылуучу О. Б. Э.**

Верховный суд Кыргызской Республики